УДК 905 (575.2) (04)

**Мырзабаева Нуржамал Сасалимовна**
т.и.к., доцент Философия жана табигый илимдер
кафедрасынын башчысы
К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык Университети
Кыргызстан, Жалал-Абад шаары

**ЖАНЫБЕК КАЗЫНЫН "БАСМАЧЫЛЫК"КЫЙМЫЛДАГЫ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ**
**(Архивдик материалдардын негизинде)**

**Мырзабаева Нуржамал Сасалимовна**
Заведующей кафедрой философии и естественно-научных дисциплин
к.и.н.,доцент, Международный университет им. К. Ш. Токтомаматова

**ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ ЖАНЫБЕКА КАЗЫ В ДВИЖЕНИИ БАСМАЧЕСТВА**
**(По архивным материалам)**

**Myrzabaeva Nurshamal Sasalimovna**
International University named after K.Sh.Toktomamatov
department of philosophy of natural sciences
Candidat hictory teacher

**THE ACTIVITIES OF ZHANYBEK KAZY IN THE BASMACHI MOVEMENT**
**(Based on archival materials)**

**Аннотация.** Макалада Жаныбек казы Сагынбаевдин өмүр жолу, ишмердүүлүгү, жандоочулары, дин өкүлү, уруу башчысы болгондугу расмий материалдарда берилет. Ал Совет бийлигине каршы чыгып, басмачылар кыймылын уюштуруучулардан болгон. Өзгөндөгү басмачылык кыймылды Жаныбек казы жетектеп жана башка мурунку корбашылары менен улутчулдук мүнөздөгү үгүт иштерин жүргүзүшкөн. Алар 1924-жылы Орто Азия элдерин улуттук тиешеси боюнча мамлекеттик түзүлүштөргө бөлүштүрүүдөгү катачылыктарды байкашкан. Улуттук тиешеси боюнча мамлекеттик түзүлүштөргө бөлүштүрүүгө каршылыктарынын себеби, алардын максатында ислам динин туткандарды бир эл болууга үндөшкөн. Ошондой эле Жаныбек казынын Борбордук Азиядагы Совет бийлигине каршы айлампалар жана чет өлкөдө жүргөн басмачылык кыймылдын башчылары менен болгон байланышы маалымдалат. Жаныбек казынын өзүн коргоо максатында чет элге журт которгондугу да далилдүү берилет.Изилдөө учурунда архивдик маалыматтарда басмачылык күрөш азыркы Алай-Гүлчө, Совет жана Өзгөн райондору боюнча чагылдырылган. Жаныбек казы өз доорунун чыгаан инсаны катары кыргыз тарых барактарында татыктуу орун ээлегендиги изилдөөгө алынды.

**Негизги сөздөр:** басмачы, корбашы, казы, мусулман, совет бийлиги.

**Аннотация**. В статье в официальных материалах представлена жизнь, деятельность, последователи, религиозного деятеля, вождя племени Жаныбека Казы Сагынбаева. Он выступал против советской власти, был одним из организаторов басмаческого движения. Басмаческое движение в Узгене возглавляли Казы Джаныбек и другие бывшие командиры, которые вели националистическую пропаганду. Они отметили ошибки в делении народов Средней Азии на государственные образования по признаку национальной принадлежности, проведенном в 1924 году. Причина их сопротивления разделению государственных структур по национальному признаку заключалась в том, что они призывали тех, кто исповедовал ислам, стать одной нацией. Сообщается также, что Жаныбек Казы имел связи с антисоветскими кругами в Средней Азии и лидерами движения антисоветской политики за рубежом. Также доказано, что Жаныбек Казы эмигрировал за границу в целях самообороны. В ходе исследования архивных данных доказано, что эти люди отражали борьбу за независимость на территории современных Алай-Гульчинского, Советского и Узгенского районов. В исследовании акцентируется внимание на том, что Жаныбек Казы, как выдающаяся личность своего времени, занимает достойное место на страницах кыргызской истории.

**Ключевые слова:** басмачы, корбаши, судья, мусульманин, советская власть.

**Abstract.** The article in official materials presents the life, work, followers, religious figure, tribal leader Zhanybek Kazy Sagynbayev. He opposed the Soviet power, was one of the organizers of the

Basmachi movement. The Basmachi movement in Uzgen was headed by Kazy Zhanybek and other former commanders who conducted nationalist propaganda. They noted the mistakes in the division of the peoples of Central Asia into state entities based on nationality, carried out in 1924. The reason for their resistance to the division of state structures based on nationality was that they called on those who professed Islam to become one nation. It is also reported that Zhanybek Kazy had connections with anti-Soviet circles in Central Asia and leaders of the anti-Soviet policy movement abroad. It is also proven that Zhanybek Kazy emigrated abroad for self-defense. During the study of archival data, it was proven that these people reflected the struggle for independence in the territory of modern Alay-Gulchinsky, Sovietsky and Uzgensky districts. The study emphasizes that Zhanybek Kazy, as an outstanding personality of his time, occupies a worthy place on the pages of Kyrgyz history.

**Key words:** Basmach , korbashi, Kazy, Muslim, Soviet power.

Акыркы мезгилде Ата Мекен тарыхына болгон кызыгуулар, коомдук аң-сезимди белгилүү бир деңгээлге көтөрүүгө, өткөөл мезгилдеги тарыхта болгон көптөгөн окуяларга, инсандардын ал окуяларда ээлеген ордуна тарыхый баа берүүгө түрткү болууда. Ошондой баамдоого болгон умтуулуларда «Басмачылык кыймыл» дагы жаңыча көз караш менен бааланып, изилдене баштаган тарых баракчаларынын бирине кирет. Жылдардын өтүшү менен, бул кыймыл жөнүндө дагы илимий көз караштар өзгөрдү. Ал эми басмачылардын башында жүргөн айрым инсандар улуттун патриоттору катары баалана баштаганы тарыхый мезгилин, баалуулугун арттырууда. Көп жылдардан бери калыптанып калган «басмачылык кыймыл» элдин ой пикиринде, коомдук терс көрүнүш катары калыптынып калган. Адилеттүүлүк үчүн назар салып жаткан мезгилде бул көрүнүшкө реалисттик баа берүү абзел.Тарыхта басмачылык кыймылдын маңыздары, социалдык жана экономикалык залалдары белгилүү бир илимий-теоретикалык деңгээлде чагылдырылган. Жаныбек казы туралуу Совет доорунда канчалык караланбасын, эл оозунда акылдуу, эр көкүрөк, эл кызыкчылыгын өзүнүн, үй-бүлөсүнүн кызыкчылыгынан да жогору койгон адам катары дагы сыпатталып келген. Бул изилдөөлөр келечекте Жаныбек казынын өз доорунун чыгаан уулу болгондугун дагы бир жолу далилденмекчи. Белгилүү окумуштуулар Кыяз Молдокасымов, Сулайман Кайыпов, Олжобай Каратаев, Назира Курбанова,Таалай Жаркынбаев, Жумагул Байдилдеев, маркум журналист Жаркын Суранчы кызы, Касым уулу Маматшарип казы изилдөө учурунда өз пикирлери менен бөлүшкөн. Басмачылык кыймыл боюнча кошумча маалымат катары акын-жазуучулардын адабий чыгармалары, эскерүүлөрү жана басма сөз беттеринде жарыяланган макалалар, ой пикирлер берилген. Ал эми, Салижан Жигитовдун «Жаныбек казыга тиешелүү кеп-сөздөр» [1.] макаласында: «Менин билишимче Орто-Азиядагы басмачылар кыймылынын башчылары, баары болбосо да, басымдуу көпчүлүгү, адегенде Совет өкмөтүнө кызмат кылышкан, анан большевиктердин аларга ишене бербегенинен, кыянатчылык кыла турганын туйгандан басмачы болуп кетишкен, Жаныбек казы дагы ошолордун бири болгон» - деп жазат. Башкача айтканда, Совет өкмөтү, большевиктер кыргыз элинин башында тургандардын, алардын ичинен Жаныбек казынын дагы ушундай жолду тандап алгандыгына түрткү болушкан деген оюн билдирген [2]. Ишенбай Абдразаков болсо «Ишеним үчүн күрөшкөн» аттуу макаласында: «Заман өзгөрдү, замандын өтүшү менен бул өзүнөн өзү эле акталып калды. Андан көрө, биз биринчиден Жаныбек казынын инсандык жагын карашыбыз керек, Совет бийлиги менен кармашып жүрүп, көчүп кеткендер көп эле болгон. Бирок Жаныбек казы бекеринен эл оозунда легенда болуп калган жок да, өзүнүн адамдык сапаттары бийик болгону үчүн, калк арасында айтылып калды» - деген оюн жазат. Ишенбай Абдразаковдун ою боюнча заман өзгөрүшү менен басмачылык кыймыл, Жаныбек казы жөнүндө коомдогу ой-пикирлер дагы өзгөрдү, алар акталды, муун алмашты дейт Асанбек Стамов дагы өз-макаласында Ишенбай Абдразаковдун ой-пикирин жактайт. “Басмачы” деген түшүнүктү өзгөртүш керектигин айтат. Жаныбек казы жөнүндө болсо: «Бул кишинин өмүрү өтө драматизмге баткан улуу инсандын өмүрү. Бул адегенде абдан кадыр-барктуу адам, казы болгон. Ошол кезде, кандайдыр бир үгүт-насааттын негизинде бул Совет бийлигин колдоп эле турган киши болгон. Бирок анын артынан досье, жаман ушак чогултушуп жүрүп,Совет өкмөтүнүн

атка минерлери кайта анын кыжырына тийип отуруп, өздөрүнө каршы душманга айлантышкан. Жаныбек өзүнүн доорундагы эң алдынкы көз-караштты алып жүргөн киши» - деген пикир менен оюн жыйынтыктайт.»Жаныбек казы тууралуу жаңыча түшүнүү» макаласында болсо: «Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматы 2003-жылдын 19-июнундагы М-271-номерлүү архивдик справкасында мындай деп жазат: «Настоящей подтверждается, что по материалам архивного дела Сагинбаев Жаныбек-Казы, 1869 года рождения, уроженец и житель Узгенского района Ошской области, по национальности кыргыз, из рода басыз, кашка. По социальному положению до Великой Октябрьской Социалистической революции Сагинбаев Жаныбек-Казы являлся крупным басмачом и манапом. Работая управителем Ак-Джарской волости Ошского уезда, Ферганской области, Туркестанского края, в то же время [3.] исполнял обязанности Шариатского судьи, имел духовный сан казы. Сагинбаев Джаныбек Казы являлся руководителем вооруженный группы, которую возглавлял в период с 1918–1931 гг. На юге Киргизии, то есть на территории нынешней Ошской области Республики Кыргызстан. Вооруженная группа, под его руководством оказывала сопротивление Советской власти, заключал договора и принимался в Красную милицию и отряды. Согласно условиям договора, всем сдавшимся объявлялась полная амнистия, неприкосновенность имущества и прекращение производством всех судебных дел.Позднее, Джаныбеком-Казы была возобновлена вражеская деятельность против нового социалистического строя. В конечном итоге в 1931-году Сагинбаев Джаныбек-казы ушел за кордон в Китай. Сагинбаев Джаныбек-Казы репрессиям не подвергался, не привлечен к уголовной ответственности и осужден не был. Тем, самым, основания для реабилитации отсутствуют. Начальник подразделения Б. Абдрисаева". Архивдик справканын толук текстинде кыска жана нуска ушундай берилген. Улуттук коопсуздук кызматы моюнга алгандай, Жаныбек казы кылмыш жообуна тартылган эмес, Демек, ал кылмышкер да эмес», - деп берилет.

Жаныбек казы Сагынбай уулунун туулгандыгы жөнүндө так маалымат жок. ГПУчулар түзгөн кыскача өмүр – баянында:"Жаныбек Сагынбай уулу,1869-жылы туулган, басыз уруусунун кашка уругунан чыккан бай-манап,Октябрь төңкөрүшүнө чейин Түркстан крайынын Ош уезди,Фергана облусундагы Ак-Жар волосунун башкаруучусу, ошол эле мезгилде казы милдетин аткарган" деп маалымдалган. [4.С.1.] Ал эми Маматураим деген уулунун сөзүнө караганда, атасы Жаныбек казы 1861-жылы туулуп, 1934-жылы Пакистандын Гилгит шаарына караштуу Иммит кыштагында 73 жашында каза болгон.

Ал Фергана облусунун, Ош уездинин Акжар волостунун болуштук милдетин 23 жашында аткарган. Ал эми "казы" наамын, анын кайсыл мезгилде алгандыгы белгисиз. Бирок, уулу Маматураимдин айтуусунда Жаныбек казылык чинди 17-18 жашында Өзгөндү башкарып турганда алган. Октябрь революциясынан кийин Орто Азия калктарынан чыккан улуттук интеллигенция өкүлдөрү Түркстан автономиясын түзүшөт. Бул жаңыдан түзүлгөн автономия, жалпы ушул территорияда жашаган жергиликтүү улуттардын көз карандысыз өз алдынча мамлекеттик түзүлүшкө жетиши үчүн улуттук боштондук күрөшүн баштаган. Мына ушул күрөшкө, кыргыздын ошол мезгилдеги белгилүү уулу Жаныбек казы Сагынбай уулу да активдүү катышкан. Аталган автономияны совет бийлиги талкалагандан кийин, анын мүчөлөрү совет бийлигине каршы күрөшкө аттанышат. Ал кыймыл "басмачылык кыймылы" деген ат менен белгилүү болгон.

Басмачылык кыймылга Жаныбек Казы 1918-жылы катыша баштаган. Ошол кезде ал бир гана Ош уездиндеги майда басмачылык топторго гана эмес, Андижанда жашаган кыргыздарга да таасирин тийгизген, өзүнүн карамагында 400дөй жигити болгон, ал катуулугу менен өзгөчөлөнүп турган. Совет бийлигине ал үч жолу багынган: биринчиси 1919-жылы, экинчиси 1920 жана үчүнчүсү 1922 жылы. Бардык багынуулар аргасыздан болгон. Акыркы багынуудан кийин Жаныбек Казы алтын курал менен сыйланган жана Ош уездинин тоо коргоо зардалы болуп дайындалган. 1924-жылы Жаныбек жетектеген басыз (1500) уруусунун ичинен Жаныбек Казыга каршы чыгуулар болгон, алар басмачылык жүрүштөгү тоноолордон улам түшкөн олжолордун айынан жана Совет бийлигинин атынан жыйналып жаткан салык-

тардан улам чыгышкан. Басыз уруусунун жарымы Сарыбаевдин башчылыгында Нарын районуна көчүп кетишкен жана Жаныбек Казынын аскерлерине жортуул жасашкан. Бул басыз уруусунун бөлүнүшүнө алып келген эмес, эмнеге дегенде жакын арада Жаныбек Казы аларды өзүнүн тарабына тарткан. [5]Ошол эле 1924-жылы Жаныбек Казы Госторгго (мамлекеттик соода-сатык иштерине) жумушка өтөт, ал Госторгдун ыйгарым укуктуу башчысы катары малды, жүндү, Кашгар кийизин сатып алуу милдетин өз мойнуна алат. Ошол учурда Жаныбек Казы аткезчилердин башчылыгына туруп, чон валютаны сатып алган адамдар менен жана атактуу кашгарлык соодагер У.Ахунбаев менен байланыш түзгөн. 1926-жылы жаз айында валютчиктерге жана контрабандисттерге каршы жүргүзүлгөн операциялардан улам, Жаныбек Казы ушул күнгө чейин жашап келген Өзгөн жергесин таштап, Кара-Шитуда отурукташат. Уламдан улам Жаныбек Казыга өзүнүн 20-30 жигити менен Абдуллабек, 20-30 жигити менен Түлөбай Шайбеков, 15-25 жигити менен Кошбай, 43 жигити менен Бөкөй, контрабандисттер Ташкулов өзүнүн 20-25 жигити менен келип кошулган. Жаныбек Казынын өзүнүн карамагында 25 жигити бар эле. Баары кошулуп 145-178 адам болгон. 1926-жылы май айында Жаныбек Казынын Өзгөнгө кайтуусу жөнүндөгү маселе БКП Борбор Азия Бюросунда каралган. Бирок каралган чечимдер ийгилик менен аяктаган эмес, анткени ал жергиликтүү бийлик тарабынан куугунтукталып жатканын айтып, тодон түшүүдөн баш тарткан….[6.С.13]

Фергана өрөөнүндөгү улуттук боштондук кыймылы күндөн күнгө күч алып, совет өкмөтү ага каршы күрөштү сапаттуу уюштуруу максатында, ошондой эле жергиликтүү элдердин каада салтын үрп адатын мыкты билген М.В. Фрунзени 1920-жылдын жай айларында Ташкентке жөнөткөн. Тарыхый маалыматтарга караганда, М. В. Фрунзе Ош шаарына келгенде азыркы Токтогул паркында жергиликтүү элдер менен болгон жолугушууда, кураны Каримди катырып окуп, андан соң өз ишин баштаган. Мына ошол мезгилден тартып жергиликтүү элдердин алгачкыларынан болуп Кызыл Армияга тартуу башталган. Анткени ошол мезгилдеги Фергана өрөөнүндөгү Кызыл Армиянын жоокерлеринин баары орус тилдүү элдердин өкүлдөрү болгондуктан, алар жергиликтүү улуттардын каада салттарын, маданиятын, үрп-адаттарын жакшы билишпегендиктеринен улам, жаңы бийликтин улуттук-боштондук үчүн күрөшүп жаткандарга каршы күрөшү өзүнүн натыйжасын берген эмес. Күн өткөн сайын эркиндик үчүн күрөшкөндөрдүн саны көбөйгөн. Мына ушундай кырдаалда совет өкмөтү басмачылардын эң таасирдүүсү жана активдүү жолбашчысы болгон Жаныбек казы Сагынбай уулу менен айласыздан келишимге барып, аны өзүнө кызматташууга чакырган.Жаныбек казы 1922-жылдан тартып совет өкмөтүнө кызматташууга өткөн. Өзүнүн көз карашы болгон, алысты көрө билген бул инсан, чын эле совет өкмөтү менен алгачкы күндөрдөн эле ак дилинен кызматка барган. Ошол кезде ал совет өкмөтүнүн Кытайдагы Кашгардагы атайын өкүлү же соода иштери жана бажылык кызматтар боюнча башчылык кызматта иштеген. Жаныбек казынын өз уулу Төрөбайды Ташкенттеги В.И. Ленин атындагы аскердик окуу жайына окуткан.Бирок, совет өкмөтү Фергана өрөөнүндөгү улуттук-боштондук кыймылын акырындап басаңдата баштаган мезгилден тарта кайрадан бай манаптардын өкүлдөрүнө каршы күрөштү күчөтүшкөн. Айрыкча совет өкмөтүнүн 1926–1928-жылдардагы жер-суу реформасынын жана “коллективдештирүү” мезгилдеринде “кулак” маселеси келип чыккан. Бул жаңы саясатка жараша, турмуш тиричилиги дурус жергиликтүү улуттардын өкүлдөрү, колхоздорго мүчө болуп кирүүнү каалабагандар кылмышкер катары өз туулган жеринен айдалган жана бардык кыймылсыз, кыймылдуу байлыктары совет өкмөтүнүн кызыкчылыгы үчүн тартылып алынган. Мына ушундай жазага Жаныбек казы да дуушар болгон. Жаныбек казы өзүнүн Кашкар губернатору Ма Шао-Уга жазган катында кытай букаралыгына алуусун суранып, Совет бийлиги анын байлыктарын конфискациялап алганын көрсөткөн: “5 дүкөнү, 5 кербен сарайы,бардык ыңгай-шарты бар жакшы жасалгаланган 5 боз үй, тегирмен, 3 жердеги бак, шалы эге турган 350 танап жери, сугарма 1100 танап жери, 57 пуд алтын, 30 пуд күмүш, 20 даана бриллиант, 22 даана башка кымбат баалуу таштарды, 50 200 койду, 5000 баш бодо мал, 2000 жылкы, 95 төө, жылына 1000 пуд бал бере турган 415 бал челегин алып коюшкан”.

[7.С.24] Ушул окуядан соң, Жаныбек казы совет өкмөтүнө таарынып, Кара-Шорого андан Кытайга көчүп кеткен. Совет өкмөтү канча ирет аны кайрадан кызматташууга чакыргандыгына карабастан ал жаңы өкмөттөн биротоло өз ишенимин жоготкон.Жаныбек казы Сагынбай уулу өз мезгилиндеги билимдүү, тажрыйбасы мол, ар кандай кырдаалдарда акыл калчап, чечим кабыл алган адам болгон. Мындан сырткары, ал жергиликтүү жаратылышты мыкты өздөштүргөн. Ага каршы совет өкмөтү жөнөткөн чалгынчыларын элдин алдында кабыл алып, алардын кандай максат менен келгендигин айтып, курсагын тойгузуп, жигиттери аркылуу узатып койчу. Ал эми көпчүлүк мезгилде, совет өкмөтүнүн чалгынчылары өз ыктыяры менен ага кызматка өтүшкөндүктөрү да белгилүү. Айтылгандардан анын алысты көрө билүүчү өзгөчө касиетке ээ экендигине ишенүүгө болот.1929-жылы совет өкмөтү ага бир канча ирет келишим түзүүгө чакырган чакырыктарына ал, төмөндөгүдөй жооп берген: “Сиздердин сүйлөшүүгө жөнөткөн адамдарыңыздар совет өкмөтүнүн расмий өкүлдөрүнөн эмес жана алар эч кандай кадыр-баркка ээ болбогондордон, ошондуктан да мен аларга ишеним көрсөтө албайм”. Аны куугунтуктоо күн сайын күч алгандыктан, улам ал биротоло Кыргызстандан чыгып кетүүгө аргасыз болгон. Ошентип, Жаныбек казы 1922-жылдан 1928-жылга чейин Совет бийлигине кызмат өтөгөн. Бирок большевиктер партиясынын шекчилдиги, бай-манаптарга, “басмачыларга” жасаган мамилеси күндөн-күнгө өзгөрө берген. Жаныбек казынын артынан аңдуу, аны камакка алуу үчүн айла-амалдар иштелип чыккан.Большевиктер партиясы башында турган Совет бийлигинин өз убадасына турбай, кайрадан куугунтукка алышы Жаныбек казыны бөтөн жер, бөлөк элге кетүүгө аргасыз кылат. Алгач Кара-Шородон, Алайкуунун Ойталына андан соң ал 1930-жылы биротоло Кыргызстанды таштап Кытайга көчүп кеткен. Баласы Маматибраимдин эскерүүсүнө караганда атасы өзүнүн жоокерлеринин баарына эркиндик берип, өздөрү каалаган жерде жашоого уруксат берген. Аларды өзү менен кошо көчүп кетүүгө үгүттөгөн эмес. Жоокерлеринин бир аз бөлүгү өз [8.С.85]. мекенинде калып, каалагандары аны менен кошо көчүп кетишкен. Кытайда жашап жүргөндө да ага совет өкмөтү өзүнүн чалгынчыларын тез-тез жөнөтүп турган. Акырында ал Кашкардагы англис консулу менен байланышып, кийин Пакистанга ооп кеткен. 1937-жылдын май айында Ишкаман шаарында 69 жашында оорудан каза болгон. Басмачыларды жок кылууда партиялык-советтик кызматкерлер, айыл-кыштактардын жана шаарлардын эмгекчилери, куралданган ыктыярдуулар отряддарынын уюму активдүү жардам көрсөтүшүп, 1934-жылы Кыргызстандын түштүгүндө басмачылардын тобу толугу менен жок кылынган. Жаныбек казы Сагынбай уулун улуттук боштондук үчүн күрөшкөн кыргыздын улуу тарыхый инсаны катары кароо керек. Негизинен макалада Жаныбек казы жана анын басмачылык кыймылда ээлеген орду, Жаныбек казынын өмүр баяны, үй бүлөсү, совет доорундагы саясий ишмердиги, басмачылык жолду тандап алууга түрткү болгон себептери, журт которгондугу архивдик маалыматтар менен кеңири берилди.

**Адабияттар:**


1. Салижан Жигитов. Жаныбек казыга тиешелуу кеп сездер //»Жаныбек казы» фонду.
2. Ишенбай Абдразаков «Ишеним үчүн күрөшкөн « //»Жаныбек казы « фонду.
3. Кыргыз ССР Совет Министрлигинин алдындагы КГБда сакталуучу архив иштери 1393(том 2,3 и 4) жана ОП-II-I2а (томII).
4. Справка по материалам на Джаныбек казы С.инвентарь № 551 на 117л.№ 9296 от 2.08.71г.С.1.
5. Кыргыз-Туусу гезити//2010. Калкан Керималиевдин «Жаныбек казынын даңазасы Ат-Башыга да тараган.
6. Справка по материалам на Джаныбека казы С. Инвентар №552 на 41л.№ 6268 от 28.06.72г.С.13
7. Справка по материалам на Джаныбека казы С. Инвентар №552 на 41л.№ 6268 от 28.06.72г.С.24
8. Музипов Г. Справка по мат. Дж.казы. ИН № 552-С.85 УКГБ по Ошской обл. Кырг. ССР